DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*Тиллабаева Ж.Ж.*

## МЕКЕНЧИЛДИККЕ ТАРБИЯЛООДО МЕКЕНЧИЛДИК ТҮШҮНҮГҮНҮН МАҢЫЗЫ

*Тиллабаева Ж.Ж.*

## ЗНАЧЕНИЕ КОНЦЕПЦИИ ПАТРИОТИЗМА В ПАТРИОТИЧЕСКОМ ВОСПИТАНИИ

*Zh. Tillabaeva*

## THE SIGNIFICANCE OF THE CONCEPT OF PATRIOTISM IN PATRIOTIC EDUCATION

*УДК: 371.3*

*Өлкөнүн бардык тараптан өнүгүшү анын жарандарынын мекенге болгон сүйүүсү, ага кызмат кылуусу, коргоосу менен түздөн-түз байланыштуу. Ал үчүн биринчи кезекте өлкөнүн ар бир жараны мекенчил болуусу керек. Ар бир инсанды мекенчил кылып тарбиялоо иши педагогика тармагындагы башкы багыттардын бири болуп саналат. Анткени инсандын мекенчил болуусу жаш кезинен эле башталып, бул сезимге таасир этүүдө билим берүү мекемелеринин ээлеген орду чоң. Андыктан педагогикалык ишмердүүлүктө адегенде мекен-чилдиктин маңызын, баасын түшүнүү абдан зарыл. Мекенчилдик түшүнүгү кылымдардан бери пайда болуп педагогика, психология, философия, тарых илимдеринде улам-улам түрдүү ракурста изиденип келе жаткан актуалдуу тема. Бул макалада мекенчилдик түшүнүгүнүн педагогикалык, психологиялык, тарыхый аспектиде байыркы доорлордон бери калыптанышы тууралуу иликтелет.*

***Негизги сөздөр**: мекенчилдик, Ата Мекен, тарбия, педагог, психолог, ойчул, билим, мамлекет, саясат, антикалык доор.*

*Развитие страны напрямую связано с любовью ее граждан к родине, служением и защитой. Для этого в первую очередь каждый гражданин страны должен быть патриотом. Одним из основных направлений в области педагогики является работа по патриотическому воспитанию каждого человека. Потому что патриотизм человека зарождается в юном возрасте, и в этом большую роль играют образовательные учреждения. Потому что патриотизм человека начинается с раннего возраста, и роль образовательных учреждений в его влиянии велика. Поэтому в педагогической деятельности очень важно сначала понять суть, ценность патриотизма. Концепция патриотизма является актуальной темой, которая веками исследуется в различных ракурсах в педагогике, психологии, философии, исторических науках. В данной статье исследуется формирование понятия патриотизма с древних времен в педагогическом, психологическом, историческом аспектах.*

***Ключевые слова:** патриотизм, отечество, воспитание, педагог, психолог, мыслитель, образование, государство, политика, древность.*

*The development of the country is directly related to the love of its citizens for the motherland, service and protection. To do this, first of all, every citizen of the country must be a patriot. One of the main directions in the field of pedagogy is the work on patriotic education of each person. Because human patriotism is born at a young age, and educational institutions play an important role in this. Because a person's patriotism begins at an early age, and the role of educational institutions in its influence is great. Therefore, in pedagogical activity it is very important to first understand the essence, the value of patriotism. The concept of patriotism is an urgent topic that has been studied for centuries from various angles in pedagogy, psychology, philosophy, and historical sciences. This article examines the formation of the concept of patriotism since ancient times in pedagogical, psychological, historical aspects.*

***Key words:** patriotism, fatherland, upbringing, teacher, psychologist, thinker, education, state, politics, antiquity.*

Мекенчилдик тарбия – бул өсүп келе жаткан муундарды өз өлкөсүнүн жаранынын жана патриотунун баалуулук багыттарын, сапаттарын, жүрүм-турум чен-өлчөмдөрүн калыптандырууга багытталган максаттуу жана олуттуу педагогикалык иш. Адамзаттын бүткүл тарыхында мекенчилдик кичи Мекенге, Ата Мекенге болгон мамиле маселеси ойчулдардын, коомдук ишмерлердин, илимпоздордун, педагогдордун тынымсыз көңүл борборунда болуп келген.

Мекенчилдик сөзү алгач грек тилинен алынып “Мекендеш”, “Ата-мекен” деген маанини билдирет. Ошондой эле адамдын өз мекенине болгон турмуштук жана экзистенциалдык (XX кылымда батыш философиясында антропологиялык өңүттө өнүккөн таасирдүү багыт болуп, борборунда жашоонун маңызы, жеке эркиндик, жоопкерчилик көйгөйлөрү турат) муктаждыктарын курмандыкка чалууга даяр болгонго чейинки эң жогорку сезимди туюнткан коомдук сезим. Ошондуктан коомдук сезим катары мекенчилдик байыркы замандан бери адамга мүнөздүү. Бирок мекенчилдиктин объектиси адамдын социалдык чөйрөсүнө жана коомдун өнүгүү деңгээлине жараша өзгөрүп турат. Уруучулук уюмдашуунун алкагында уруу мүчөлөрүнүн ортосундагы кандык байланыш сезими, башкача айтканда, үй-бүлө сезими мекенчилдикке болгон сезимдин туруктуулугун берген. Кийинчерээк адамдардын отурукташкан жашоо образына өтүшү, калктын санынын өсүшү жана алгачкы мамлекеттердин түзүлүшүнүн алкагында мекенчилдиктин багыты үй-бүлөлүк мамилелерден адам жашаган жерге, аймакка андан ары бүтүндөй бир мамлекетке болгон мамилеге бурулган. Ага байланыштуу коомдук түзүлүштүн өзгөрүп туруусу менен мекенчилдик түшүнүгү да ал өзгөрүүлөргө ылайык улам кеңейтилип түшүнүлүп турулган. Ошондой эле мекенчилдик темасын тереңдеп түшүнүү тарыхый мезгилдин социалдык, саясий, диний изилдөөлөрүн камтыган комплекстүү мамилени да камтыйт.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Мекенчилдик маселесин изилдөө иши жалпы педагогикалык позициядан изилденип жатканы менен, тарых, философия, саясат таануу, социология, социалдык психология сыяктуу коомдук илимдердин тармактарынын жетишкендиктеринен да пайдалануу зарылчылыгын пайда кылат. Мекенчилдик термининин мазмундук өзгөчөлүктөрүн философиялык жактан талдоо, мүнөздөмө берүү менен "Мекен" жана "Ата мекен" деп аталган эки негизги түшүнүктү бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Философтордун эмгектеринде бул түшүнүктөр ар кандай өңүттө каралган. Ата мекен анын табияты белгилүү коомдук мамилелер, экономикалык жана саясий система менен байланышкандыктан, коомдук-саясий кубулуш катары каралат. Ошондо бул концепциянын структурасы саясий, социалдык жана маданий чөйрөнүн өзгөчөлүктөрүн камтыйт. Бирок, мекенчилдикти тигил же бул коомдун социалдык-саясий өзгөчөлүктөрүнөн улам социалдык тарыхый кубулуш катары гана кароонун өзү жетишсиз. Мекенчилдиктин жогоруда аталган факторлордон көз карандысыз калыптанган "табигый" негиздеринин бар экендигин да тануучага болбойт. Ал адамдын жашоосунда жана жан-дүйнөсүндө чагылып турган туулган жерге болгон сүйүү, эне тилине, элине болгон сүйүү, урматтоо жана каада-салтты урматтоо жана аларды көздүн карегиндей сактоо сыяктуу улуу сезимдер. Демек бул жерде белгилей кетүүчү нерсе "Мекен" түшүнүгү ар бир элге анын өнүгүү тарыхында мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөрдү чагылдырган мекенчилдиктин инварианттык табигый негизин түзөт. Мекенчилдик адамдын мекенге болгон мамилесин билдирет, б.а. Мекенге болгон сүйүү жана берилгендик, инсандын баалуулук мамилесинин обьектилери болуп саналат. Ошондой эле мекенчилдик - бул обьективдүү жана субьективдүү баалуулук. Обьективдүү баалуулук катары мекенчилдик боорукер, адилеттүү, чынчыл көрүнүш болсо, субьективдүү баалуулугу катары мекенчилдик коомдук аң-сезимде жана маданиятта бекемделген инсандык ченемдик көрүнүшүн билдирет [1]. Андай болсо педагогика жаатында мекенчилдиктин обьективдүү да, субьек-тивдүү да баалуулуктарын окуучулардын инсандык калыптануу максатындагы тарбиялоо процессине толук кийирүү зарыл.

Мекенчилдик байыркы доорлордон бери адамга мүнөздүү болгон сезим болгондуктан, антикалык доордогу коомдук-саясий философтордун ой жүгүртүүсүнүн предметине айланган. Мекенчилдик жетилген коомдук кубулуш катары биринчи жолу Байыркы Грециянын классикалык доорунда б.з.ч. V-IV кылымдарда көрүнгөн. Мекенчилдиктин адегендеги "эрдик" деп которулган "арете" түшүнүгү жалпысынан адамдагы жогорку моралдык сапатты билдирген. Пифагордун, Гесиоддун жана Гераклиттин окууларындагы түшүнүк боюнча "арете" алгач баатырларга жана асыл тукумдардын өкүлдөрүнө мүнөздүү болсо, бара-бара бул түшүнүк жалпы коомчулукта демократиялашып, саясатташып кеткен. Платондун окуусунда "арете" эң жогорку жакшылык катары адилеттүүлүккө умтулууга айланып, ага карапайым адам да, мыйзам чыгаруучу да умтулушу керек экендиги каралган. Платон тарабынан сунушталган "идеалдуу мамлекет" долбоору грек ойчулунун жарандык мурасы катары кабыл алынып калды. Анда мекенчилдик темасы тууралуу сөз болуп, ойчулдун логикасында мамлекет - бул жалпы эле өз ичине мекенчилдик түшүнүгүн камтыган бир бүтүндүк катары каралган. Улуу ойчулдун пикиринде мамлекеттин чек арасын жабуу менен адамдын башка дүйнөгө болгон көз карашы өзгөрөт. Коомдун обочолонуусу башка саясий субьекттерден жогору болуу сезимдери менен компенсацияланат. Ал эми грек ойчулу Аристотельдин этикалык жана саясий эмгектеринде болсо мекенчилдик түшүнүгү мамлекеттик кызыкчылыктардын ракурсунда чечмеленет. Жарандык коомду бүтүн ажырагыс бөлүк катары карап, жарандардын бири-бирине кызмат кылуусунун жана мамлекетке болгон мамилесинин так схемасын түзөт. Мекенчилдик мамлекеттин жыргалчылыгын кепилдеген компоненттерге кирет. Аны менен катар ойчул адамдын акыл-эстүү рационалдуу мүмкүнчүлүктөрүн баса белгилеп, Мекенге болгон сүйүү, тарыхый өткөнгө таазим кылуу, мекендештерине жан аябастык менен кызмат кылуу сезимдеринин комплексин логикалык жактан негиздейт. Ошентип грек коомундагы мекенчилдик идеясы жалпысынан жамааттын аман калышына багытталган социалдык чыгармачылыктын, этникалык топтун өзүн-өзү идентификациялоонун жолун издөөнүн, ар түрдүү топтордун ортосундагы кызыкчылыктардын тең салмактуулугун сактоонун каражатынын натыйжасында келип чыккан [2].

Мекенчилдик рим ойчулдары үчүн адам менен мамлекеттин (жарандык коомчулуктун) ортосундагы мамилени аныктоочу борбордук категорияга айланган. Мындай байланыш Рим ойчулу Цицерон тарабынан эң кеңири сүрөттөлгөн. «Милдеттенмелер жөнүндө» деген эмгегинде мындай деп жазат: «... биздин ар бирибиз үчүн бардык коомдук байланыштардын ичинен биздин мамлекет менен болгон байланышыбыз эң маанилүү жана кымбат. Биз үчүн ата-эне кымбат, балдар, туугандар, туугандар, достор кымбат, а бирок Ата Мекен гана бардык адамдарды кучагына алган. Кайсы абийирдүү адам ал үчүн өлүмгө баруудан тартынбайт эле, эгер ага пайда алып келсе? [3, 175-191-бб.] Ошол эле учурда Цицерон туулгандыгы боюнча Мекен, атуулдук боюнча Ата мекен деген түшүнүктөрдү бөлүп, биринчисинин негизи жерчилик, экинчиси мыйзам экенин көрсөтөт. Албетте, ойчул атуулдук жагынан мекенге артыкчылык берген.

Кийинчерээк мекенчилдик проблемалары дүй-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



нөлүк философиянын Гегель, Ш.Монтескье, Жан-Жак Руссо жана башка өкүлдөрүнүн эмгектеринде каралган. Француз философу, саясат таануучу Ш.Монтескье коомдо өкүм сүргөн саясий системанын тарбия маңызы менен байланышын көрсөткөн. Шарль Монтескье Ата-Мекенге болгон сүйүү жакшы адеп-ахлактарды туудураарын билдирет. Билим берүүнү коомдо орун алган саясат менен байланышын көрсөтүп гана калбастан, саясий системанын чыңдалышы педагогикалык ишмердүүлүктүн идеалдары жана максаттары, жолдору менен каражаттары белгилүү саясий баалуулуктарга жана формаларга канчалык деңгээлде багытталгандыгы менен байланыштырган. Анын билим берүүгө карата мындай мамилеси педагогикалык теория менен практиканын өнүгүшүнө эбегейсиз зор таасирин тийгизген. Анын замандашы болгон Ж.Ж.Руссо өзүнүн "Польшадагы башкаруу формасы жана бул өкмөттөгү сунушталган трансформациялар" (1771-1772-жж.) аттуу эмгегинде Ш.Монтескьенин салтын улантып, улуттук өзүн-өзү таанууда, аң-сезимди калыптандырууга биринчи кезекте билим берүү чакырылаарын жазган. Анын пикиринде бала төрөлгөндө мекенин көрүп, өлгөнгө чейин мекенинен башканы каалабашы керек. Ошентип 1789-жылы башталган Улуу Француз революциясынын жетекчилери Ш.-Монтескьенин идеяларынын духунда жаңы мамлекеттик идеяларга туура келген жана жаңы республикалык мамлекеттин жарандарын тарбиялоого салым кошо турган билим берүү системасын түзүүгө аракет кылышкан [4, 170-171-бб.].

Жогоруда белгилегендей француз жазуучусу, философу, педагог Ж.Ж. Руссонун реформатордук педагогикасы дүйнөлүк тарыхый-педагогикалык процесстин өнүгүшүндө алдыңкы прогрессивдүү роль ойногон. Ал орто кылымдардагы христиандык дин эрежелерин системалаштырылган диний мектеп философиясынан бошонгон жаңы адамды көргүсү келген. Анын эмгектеринде балага болгон чын дилден сүйүү, тарбия берүүнүн алдыңкы ыкмаларын колдонуу талаптары, педагогикада эмгек принцибин чыңдоо жана илимий теория менен коомдук практиканын кеңири байланышын чыңдоо камтылган. Ж.Ж. Руссонун пикиринде мекенчил болуу – бул активдүү жаран, Мекендин коргоочусу, эркиндик үчүн күрөшүүчү болуу, ар кандай деспотизмге каршы туруу дегендикти билдирет. Анын пикиринде балдарды жана жаштарды өтө ынтызарлык жана каалоо менен мекенчил кылып тарбиялаш керек. Бала бешиктен тартып өз мекенине болгон сүйүүнү, демократиялык жашоо образын, эркиндикке жана адамдын табигый укуктарына ыктоо сезимин кабыл алышы зарыл. Тарбиялоо процессинде бала Ата-Мекенсиз өзүнүн эч ким эместигин түшүнүшү, мекенчилдик сапаттар жана жарандык сезимдер болбосо анын жашоосу эч кандай негизделбестигин түшүнүшү керек деп эсептеген. Улуу педагогдун пикиринде жарандык билим берүү процессуалдык түрдө тигил же бул жаш мезгилине ылайык жүргүзүлүш керек. Тактаганда окуучу он эки жашка чейин аймак таанууну жана географияны, он эки жашында улуттун тарыхын, он алты он жети жаштарда мыйзамдарды жана мамлекеттик курулуштун негиздерин үйрөнүшү керек. Ж.Ж. Руссонун пикири боюнча тарбия башкаруу формаларынын бардыгынын таянычы, ошондуктан ал коомдук мүнөзгө ээ. Ал ар бир индивиддин гана эмес бүтүндөй мамлекеттин алдыга жылуусу да туура тарбия берүүдөн көз каранды экендигин белгилеген [5] Ж.Ж. Руссонун пикири бүгүнкү ааламдашуунун шартында да муундарды тарбиялоого карата өз маанисин жоготпогон абдан актуалдуу пикир деп айтаар элек.

Мекенчилдик түшүнүгү азыркы заманбап изилдөөлөрдө элдин улуттук өзгөчөлүгүнүн негизи катары аныкталып, өз мекенинин өткөнү, бүгүнкүсү жана келечеги, анын каада-салттары, стереотиптери, баалуулуктары менен бирдейлик сезимдеринде чагылдырылууда. Мекенчилдик педагогикалык аспектиде инсан менен өлкөнүн ортосундагы эмоционалдык байланышты орнотууга багытталып моралдык-эмоционалдык жактан ачылат. Мекенчилдик түшүнүгүн педагогикалык интерпретациялоонун негизги маселеси – бул Кыргызстандын коомдук турмушунда жана маданиятында инсандын коомдук аң-сезимин мекенчилдиктин баалуулук абалына көтөрүү. Бул аракеттерди мекенчилдикти коомдун өлкөгө болгон эң бир ыйык мамилесинин күчөшү деп түшүнүүгө болот. Ал эми мекенчилдик тарбияга келе турган болсок, улуу педагог В.О. Сухомлинский белгилегендей педагогикада мекенчилдик тарбия этикалык, эстетикалык жана эмоционалдык маданият, идеялык туруктуулук, чыгармачылык менен диалектикалык байланышта болгон аң-сезимдин, эрктин, сезимдин активдүү багыты катары иштейт [6].

Ошентип философиялык аспектиде мекенчилдик-бул конкреттүү коомдун социалдык-саясий, экономикалык өзгөчөлүктөрүнөн жана кубулуштун инварианттык (Мекен) жана өзгөрмөлүү (Ата Мекен) өзгөчөлүктөрүн чагылдырып, табигый негиздеринин болушу менен шартталган коомдук-тарыхый кубулуш. Тарыхый талдоолор көрсөткөндөй уруулук түзүлүштүн ыдырап кетиши менен, коомдук бийлик мамлекеттик бийликке айланганда, өз жерине болгон байлануу жана сүйүү сезими атуулдук жоопкерчилик менен айкалышып, инсандын коомдук байланышы Ата Мекен түшүнүгү менен бекемделет. Мекен жана Ата Мекен түшүнүктөрүнүн ортосундагы айырмачылык мекенчилдиктин аныктамасына Мекенге болгон сүйүү, Ата Мекенге берилгендик сыяктуу компонент-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



тердин камтылышын аныктайт. Улуу ойчулдардын мекенчилдик тууралуу асыл ойлоруна таянуу аркылуу нечендеген доорлор өтсө да мекен, мекенчилдик деп аталган сөздүн өз ичине мамлекет, инсан, улуттун өзүн-өзү таануусу сыяктуу зор түшүнүктөрдү камтыган жана ал эч качан маңызы эскирбеген, кайра улам кеңейип бара жаткан маанини туюууга болот. Ал эми психологиялык-педагогикалык аспектиден алып караганыбызда мекенчилдикти татаал моралдык сапат катары караганыбыз мыйзам ченемдүү болот.

Белгилүү даражада жогоруда аталган факторлорго көз каранды болбой калыптанган жана адамдын руханий жашоосунун айрым катмарларын атаганда, туулган жерге болгон сүйүү, эне тилине болгон сүйүү сыяктуу инсандын руханий жашоосунун айрым катмарларын мүнөздөгөн мекенчилдиктин "табигый" негиздери бар экендиги анык.

**Адабияттар:**

1. Матушкин С.Е. Воспитание патриотизма как педагогическая проблема. / Вестник ОГУ №11(130). - ноябрь 2011. - С. 196-200.
2. Миронов А.В. Идея патриотизма в греческой философии. Известия Саратовского университета. / Серия Философия, Психология. Педагогика. - 2016. - Т.16. - Вып. №3. - С. 277-280.
3. Павлов А. Патриотизм очень краткая история идеи. Философская антропология 2018. Т. 4. № 1. - С. 175-191.
4. Корнетова Е.Г. Педагогические идеи Ш.Монтескье. Историко- педагогический журнал. - №4. - 2019. – С. 170-177.
5. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. / Кыргыз педагогикасы (энциклопедиялык окуу куралы). – Б., 2004.
6. Воронов В.В. Педагогика школы. Новый стандарт. / Учебное пособие. - М.: Педагогическое общество России, 2012. – С.288.
7. Тиллабаева Ж.Ж. Краеведческие средства как источник воспитания патриотизма. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. №. 4. С. 250-253.